**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын**
**V-кезектүү сессиясынын**
**Токтому №9/4**

2025-жылдын 17-декабры — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы ирригациялык объектилерди Жумгал райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 токтомунунун негизинде жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысынын айыл аймагындагы ирригациялык объектилерди (каналдар, БСРлер) Жумгал райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү боюнча билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

**1.** Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы жайгашкан төмөндөгү ирригациялык объектилер (каналдар, БСРлер) Жумгал райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүлүп берилсин:

**Кызарт, Жаны-Арык, Базар-Турук жана Кызыл-Эмгек айылдары боюнча:**

1) Көк-Жар каналы
2) Шыбак каналы
3) Калыгулов Каныбек каналы
4) Молдо Арык каналы
5) Сары-Талаа каналы
6) Балыкты БСРи
7) Сары-Булак БСРи
8) Чет-Булак БСРи

**Куйручук айылы боюнча:**

1) Чолок каналы
2) Канжыга каналы
3) Теке Арык каналы
4) Баатай каналы
5) Дөөлөт-Арык каналы
6) Кара-Суу каналы
7) Кайырма каналы
8) Алтын-Арык БСРи

**2.** Айыл аймагындагы бардык ирригациялык объектилерди Жумгал райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жана токтомдун талаптарын аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго тапшырылсын.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**